**Токмок шаарынын ИИБнүн МККне 11.07.2021 жылы саат 10:38де №02-011-2021-002261 саны менен катталган №7074чү шайлоо участкасындагы добуш сатып алуу боюнча маалымат**

11.07.2021 жылы Токмок шаарынын нөөмөт бөлүмүнө Токмок шаанынын шайлоо комиссиясынан чакыруу түшкөн себеби 11.07.2021 жылы саат болжолу менен 10:25 чамсында Токмок шаарынын, Ленина көчөсүндө орун алган №2 орто мектебинде жайгашкан №7074 сандуу шайлоо участкасында белгисиз "Бирге" саясий партиясынын өкүлдөрү тарабынан добуш сатып алуу тууралуу аракеттерин кылып жаткандыгы тууралуу маалымдама келип түшкөн.

Жогрруда көрсөтүлгөн маалымдама Токмок шаарынын ИИБнүн МККне 11.07.2021 жылы саат 10:38де №02-011-2021-002261 саны менен катталылып. Чакырүү дареги боюнча Токмок шаарынын ыкчам иликтөө тобу жиберилген.

Кабарлоо боюнча Токмок шаарынын ыкчам иликтөө тобу Токмок шаарынын, Ленина көчөсүндө, орун алган №2 орто мектепте жайгашкан, №7074 сандуу шайлоо участкасына барганда төмөндөгүлөр аныкталган. Мектептин түштүк тарабында мамлекеттик номери [redacted] кара көк түстөгү, бүт айнектери караңгылатылган, "[redacted] үлгүсүндөгү техникалып паспорту боюнча [redacted] таандык таандык, бирок айдап жүргөн адам Токмок шаарынын, Ибраимова көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] ж.т., [redacted] болгондугу аныкталган.

Жогруда көрсөтүлгөн автоунааны [redacted]., өз ыктияры менен ачып көрсөтүп жана ичинде турган белгисиз жарандардын тизмесинен турган эки А-4 форматындагы баракчаны тапшырып берген. Ошол жерден өз ыктияры менен берүү протоколу түзүлүп эки баракча алынган. Мындан тышкары Токмок шаарынын ИИБнүн ЖЖКнын кызматкерлери чакырылып жогоруда көрсөтүлгөн автоунаага терезелерин караңгылатуу тууралуу протокол түзүлүп, автоунаа айып короого киргизилген.

Мындан тышкар ошол эле мектептин түндүк тарабында токтотулган, ошол эле жаран [redacted]., таандык техникалык паспорту боюнча Турабаев Бакытбек Мавлидиновичке таандык, ак түстөгү, үлгүсү "Тайота Форандер" мамлекеттик номери [redacted] текшерүүгө алнган, ал боюнча да [redacted]., өз ыктыяры менен автоунааны ачып, ичин көрсөтүп жана ичинде турган, А-4 форматындагы, белгисиз жарандардын тизмеси менен баракчаларды тапшырып берген.

Жогоруда көрсөтүлгөн автоунаалардан башка эч нерсе табылган эмес.

Суралган автоунаалардан ээси [redacted] төмөндөгүлөрдү айтып берген, ал "Бирге" саясий партиясынын өкүлү болгондугун көрсөткөн жана жогоруда көрсөтүлгөн баркчалар, аларга иштеп берген үгүтөөчүлөргө таандык, себеби ал баракчалар боюнча үгүттөөчүлөрдүн иштеген жумушун аныктоо максатында автоунаасында сактап жүргөндүгүн көрсөткөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымдама боюнча, азыркы тапта Токмок шаарынын ыкчам иликтөө тобу тарабынан текшерүү иштери улантылууда.

**Токмок шаарынын ИИБмү**